ЧЫГЫШ ТААНУУНУН МАСЕЛЕЛЕРИ

ВОПРОСЫ ВОСТОКОВЕДЕНИЯ

ISSUES OF ORIENTAL STUDIES

e-ISSN: 1694-8653
№1/2023, 44-51

УДК:
DOI: 10.52754/16948653_2023_1_5

КЫРГЫЗСТАН МЕНЕН ӨЗБЕКСТАНДЫН ЭКИ ТАРАПТУУ МАМИЛЕЛЕРИНДЕГИ ЧЕК АРА КӨЙГӨЙЛӨРҮ

ПРОБЛЕМЫ ГРАНИЦ В ДВУСТОРОННИХ ОТНОШЕНИЯХ МЕЖДУ КЫРГЫЗСТАНОМ И УЗБЕКИСТАНОМ

BORDER PROBLEMS IN BILATERAL RELATIONS BETWEEN KYRGYZSTAN AND UZBEKISTAN

Закирова А.
Закирова А.
Zakirova A.

Илимий кызматкер, Кыргыз республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б. Жамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институту
Научный сотрудник Института истории археологии и этнологии Национальной академии наука им. Б. Жамгерчинова
Researcher at the Institute of History of Archaeology and Ethnology of the National Academy of Sciences named after B. Zhamgerchinov

КЫРГЫЗСТАН МЕНЕН ӨЗБЕКСТАНДЫН ЭКИ ТАРАПТУУ МАМИЛЕЛЕРИНДЕГИ ЧЕК АРА КӨЙГӨЙЛӨРҮ

Аннотация

Макалада Кыргызстан менен Өзбекстандын ортосундагы чек ара маселелеринин чечилиши иликтөөгө алынган. Кыргыз-өзбек мамлекеттер аралык мамилелердеги чек ара көйгөйүнүн эки тараптуу байланыштарга тийгизген таасири, чек аралардын калыптануу процесси, андагы талаш-тартышты жаратып жаткан жерлер, ал маселени чечүү жолдору каралган.

Ачкыч сөздөр: Борбордук Азия, мамлекет, чек ара, проблема, эл аралык мамилелер, аймактык уюмдар, денонсация, делимитация, демаркация.

ПРОБЛЕМЫ ГРАНИЦ В ДВУСТОРОННИХ ОТНОШЕНИЯХ МЕЖДУ КЫРГЫЗСТАНОМ И УЗБЕКИСТАНОМ

Аннотация

В статье рассматривается урегулирование погранично-территориальных проблем между Кыргызстаном и Узбекистаном. Анализируется их влияние на двусторонние отношения. Особое внимание уделяется спорным участкам и анклавам.

Ключевые слова: Центральная Азия, государство, границы, проблема, международные отношения, региональные организации, денонсация, делимитация, демаркация.

BORDER PROBLEMS IN BILATERAL RELATIONS BETWEEN KYRGYZSTAN AND UZBEKISTAN

Abstract

The article discusses the solution of border-territorial problems between Kyrygzstan and Uzbekistan. It`s influence on bilateral relations is analyzed, and attention is paid to the controversial areas and ways to resolve these issues.

Keywords: Central Asia, state, borders, problem, international relations, regional organizations, denunciation, delimitation, demarcation.

Киришүү

Белгилүү болгондой Түркстандын территориясы өз кезегинде бир мамлекеттердин курамында болуп, анда жашаган элдердин аныкталган, обочолонгон аймактары болгон эмес. Аймактын калкы бирдиктүү территориалдык бүтүндүккө баш ийишип, өздөрүнүн жашоо ареалдарын сактап келишкен.

Падышалык Россия Борбордук Азияны басып алгандан кийин анын саясий-административдик түзүлүшүндө кескин түрдө өзгөрүүлөр пайда болгон. Мисалы, 1867-ж. убактылуу жобого ылайык, Түркстан облусу, Ташкент району жана 1866-жылы Сыр-Дарыянын оң капталындагы жайгашкан жерлер, Семипалатинск облусунун бир бөлүгү Түркстан генерал-губернаторлугуна каратылып, Сырдарья жана Семиречинск облустарына бөлүнгөн. 1876-ж. баш ченинде Кокон хандыгынын жоюлушунан улам Самарканд жана Фергана облустары түзүлүп, жогоруда айтылган административдик түзүлүшкө кошулган [З.И.Галиева, Э.Э.Молдоев История государства и права Кыргызской Республики. Бишкек, 2011. С.260.].

Бирок иш жүзүндө жергиликтүү калктын кызыкчылыктарын, алардын социалдык-экономикалык өзгөчөлүктөрүн эске албай түзүлгөн мындай административдик бөлүүлөр өз кезегинде аймактагы абалдын кескин түрдө курчуп кетишине алып келген.

1924-ж. Түркстандагы совет өкмөтү тарабынан жүргүзүлгөн улуттук-территориялдык бөлүү саясаты жергиликтүү калктын мүдөөлөрүн, кызыкчылыктарын, өзгөчөлүктөрүн эске албай туруп ишке ашырылган. Большевиктер аймакты улуттук негизде аймактарга бөлүү советтик пландаштыруу жана уюштуруу иштерин жеңилдетүү максатында ишке ашырылып жаткандагын далилдөөгө аракеттенишкен. Бирок батыш окумуштуулары бул саясатты Түркстан элинин биримдигин майтаруу, аларды бини-бирине каршы коюуу, жана кылымдар бою бирге, бир мамлекеттин курамында жашап келген мусулман элдин ичинде араздашууну күчөтүүгө багытталгандыгын аныкташкан. Натыйжада, Борбордук Азияда бирдиктүү мусулман, түрк тилдүү элдердин мамлекетин түзүү аракеттерине сокку урулган. 1924-ж. улуттук-территориялдык бөлүнүү саясаты Борбордук Азияны бөлүп-жаруу, түрк элдеринин пантүркчүлүк идеясы алдында биригүүсүнө каршы багытталган.

Совет бийлиги аталаган аймакты өз алдынча бөлүп-жаруу саясатынан соң эми анда социалдык-экономикалык, маданий багыттар боюнча максаттуу түрдө иштелип чыккан пландарды ишке ашырууга киришкен. Ал өз кезегинде улуттук республикалардагы азчылыкты түзгөн элдердин талаптарын канааттандыруу, аларга камкордук көргөзүү, 1917-ж. Октябрь революциясынын ураандары жүзөгө ашырылып жаткандыгын даңазалоо эле. Большевиктер Борбордук Азияда улуттук өзгөчөлүктөргө басым жасап, бирдиктүү билим берүү системасын киргизип, орус маданиятын таануулап, улуттук аң-сезимди пайда кылып, көчмөн жана отурукташкан калктардын ортосундагы маданий өзгөчөлүктөрдү жоюуга аракеттенишкен [Чотаева Ч. Этнокультурные факторы в истории государственного строительства Кыргызстана. Бишкек, 2005. С.100.]

Азыркы учурда Борбордук Азиянын туруктуулугуна чек ара аймактарындагы суу байлыктарын пайдалануу, мамлекеттик чек араларды делимитация жана демаркациялоо, социалдык-экономикалык кризистердин күч алышы, элдин жакырланышы ж.б. факторлор чоң

коркунуч туудуруп жатат. Советтик мезгилде чечилбей калган чек ара, жер маселелери азыркы күндө да жалпы эле аймактагы коопсуздукка чоң таасирин тийгизүүдө.

Совет мезгилинде союздук республикаларда, айрыкча Борбордук Азияда, так аныкталган чек ара тилкелери, жерлер конкреттүү түрдө бөлүнбөй, шарттуу мүнөзгө гана ээ болгон. Территориалдык бөлүү, негизинен, өлкөнүн чарбалык-экономикалык өнүгүү кызыкчылыктарына ылайык ишке ашырылган. Ал азыркы шартта саясий кризистердин курчушуна, мамлекеттер аралык араздашуулардын, жаңжалдардын пайда болушуна жана суу байлыктарына болгон маселелердин күчөшүн шарттаган.

1990-жж. аймактагы республикалардын көз карандысыздыкка жетиши мурунку тыгыз экономикалык, маданий байланыштардын бузулушуна алып келди жана эми чек аралык көзөмөлдөө иштери күчөтүлүп, калктын эркин жүрүшү жана товарларды ташуу иштери оорлошо баштаган. Аймактагы мамлекеттердин өздөрүнүн чек араларын жаап салуу, катуу көзөмөлдөө иштери тигил же бул республикадагы саясий, авторитардык режимдердин бекем орноп калышы, чек аралардын такталбагандыгы менен түшүндүрүлөт.

Аймакта этностордун конкреттүү жерлерде бир кылка жайгашпоосу, айрым жерлерде так чек аранын жоктугу, суу жана жер байлыктарынын таңкыстыгы, айрыкча, Фергана өрөөнүндө калктын жыш жайгашуусу жана айыл-чарба менен алектенүүсү ж.б. бир катар факторлор социалдык-экономикалык абалды курчутуп, саясий кризистерди пайда кылууда.

Башка мамлекеттерден айырмаланып Борбордук Азияда чек ара проблемалары спецификалык мүнөзгө ээ, ага мисал катары бир катар анклавдардын, ар бир республикада башка этникалык топтордун көп болуусу жана чарба жүргүзүү системаларынын бири-биринен көз каранды болуусун атаса болот.

1990-жж. аяк ченине чейин аймактагы республикалардын көпчүлүгүнүн чек ара маселелери толук такталбай кала берген жана ал анча курч мүнөзгө ээ болгон эмес. Бирок кырдаал 1999-ж. Ташкенттеги жардыруулардан, Өзбекстандык Ислам Кыймылы (ӨИК) деп аталган күжүрмөн топтордун кол салууларынан кийин кескин түрдө өзгөргөн. Натыйжада Өзбекстан өзүнө коңшулаш мамлекеттер менен чек араларды тактабай туруп эле, айрыкча Фергана өрөөнүндө тосмолорду орнотуп, арык (чуңкурларды) казып, өз алдынча чек араны аныктоого киришкен. Расмий Ташкенттин мындай саясаты өз кезегинде чек ара аймактарында өз алдынча тосмолорду орнотуу менен гана чектелбестен, ал аймактарда аскердик күчтөрдү кармоосу менен да коштолгон.

Албетте, эл аралык эрежелерди бузуу, мамлекеттердин өз алдынчалыгын урматтабоо жана алардын укуктарын четке кагуу чек ара маселесин чечүү процессин бир топ басаңдаткан. Ага кошумча катары чек ара аймактарында мезгил-мезгили менен ок атышуулар, чек арадан мыйзамсыз өтүп кетүү фактылары көп каттала баштаган. Коңшу республиканын мындай саясатынан улам чек ара райондорунда көптөгөн адамдар окко учуп, мамлекеттер аралык мамилелерге доо кеткен [Караңыз 3].

Кыргыз-өзбек мамилелериндеги терс абал Өзбекстанда 2017-жылы бийлик алмашканга чейин сакталып кала берген. Ошол жылдын октябрында эки өлкөнүн мамлекет башчылары чек аранын 1300 км (85%) аралыкты демаркациялоо боюнча келишимге кол коюшкан. Бирок калк жыш жайгашкан, өтө чаржайыт аймактар боюнча чек аранын 15%, 200 километри такталбай, карама-каршылыктарды жаратууда. Мында негизги маселе Ош, Жалал-Абад,

Баткен облустарындагы анклавдар жайгашкан 36 жер тилкесин аныктоо иштери курч мүнөзгө ээ болууда.

Өзбекстандын Сох, Шахимардан, Жангайл (Халмион) жана Чоң-Кара-Галча райондору Кыргызстандын ичинде жайгашкандыктан алардын жашоочулары сыртка чыгуу үчүн биздин чек ара көзөмөл түйүндөрү аркылуу өтүүгө мажбур болушат. Аянты 350 квадрат километрди, ал эми калкы 50 миңден ашуун Сох анклавы өз ара карама-каршылыктын булагына айланган [3]. Акыркы учурда Сохтун тургундары менен Кыргызстандын чек араны көзөмөлдөө кызматкерлеринин ортосунда бир катар жаңжалдар катталган. Алсак, 2010-жылдын майында Сохто кыргыздар менен өзбектердин ортосунда конфликт болуп өткөн. Натыйжада, Өзбекстан аталган анклавга өзүнүн аскердик күчтөрүн киргизген (ири аскердик техникалар менен коштолгон). Ал эми 2013-ж. январында да бул аймакта кагылышуу болуп өткөн. Маселенин баары өзбек тараптын өз жерине коридор алуу үчүн күч колдонуу аракети жана ал үчүн жергиликтүү элди провокацияга үндөөсү себеп болгон. Чек аралар такталбаган Чарбак менен Хушяр кыргыз, өзбек айылдары бири-бирине жанаша жайгашкан жана бири-бирине кошулуп кетет. Аталган айылдарды белгилүү бир чекте бөлүп, так сызыкты жүргүзүү өтө оор маселе болуп саналат.

Жогоруда айтылган кагылышууга Чарбак айылынын чети аркылуу кыргыз тараптын узундугу 2,5 км. электр мамыларын орнотулушу себеп болуп, өзбек тургундарынын нааразычылыгын пайда кылган. Бул окуяда Хушярдын жашоочулары мамыларды жыгытып, каршылык көргөзүшкөн Чарбак айылынын 30–40 тургундарын барымтага алышкан **)** [3]. Албетте, бул окуялар эки тараптуу мамлекеттик чек аралардын жабылышына, жарандардын өз ара каттамдарына тоскоол жаратып, эки тараптуу мамилелерге доо кетирген. Белгилүү болгондой, Өзбекстанда көп сандагы кыргыздар жашашат жана алар Кыргызстан менен өз ара тыгыз байланышта. Чек ара көйгөйлөрү, өз кезегинде алардын да жашоосун татаалдантып, карым-катнашты жүргүзүүгө кыйынчылыктарды жаратып келет. Чек ара маселеси жөн эле такталбаган жер маселесин жөнгө салуу менен гана чектелбестен, ал өз ара саясий, социалдык-экономикалык, соода, маданий жана этникалык байланыштарга да түздөн-түз таасирин тийгизүүчү фактор болуп калууда. Анын ийгиликтүү чечилүүсүнөн аймакта жашаган түрдүү этникалык топтордун келечеги, өз ара мамилелери көз каранды.

2015-ж. Аравандагы Керкидан суу сактагычтын айланасындагы 400 гектардай жерди Өзбекстан тосуп алганы кабарланган. 2016-ж. баштап Өзбекстан чек араны тактоо иштерин кайрадан улантканы. Эки тараптуу расмий комиссия талаш-тартышты жаратып жаткан 55 жер тилкелерди изилдеп, атайын бүтүмгө кол коюшкан [2].

2017-ж. 12-сентябрында Кыргыз өкмөтү Ош облусунун Араван районундагы 407 гектар жерди коңшулаш Өзбекстан менен алмаштыруу боюнча келишимге кол койгон**. Т**өө-Моюн айыл аймагына караштуу жердин ордуна Өзбекстан Кыргызстанга **өзүнүн башка** райондорунан жер бөлүп берүүгө убада кылган. Өзбекстанга өткөн жер Керкидан суу сактагычынын аймагында болгон жана ал стратегиялык мүнөзгө ээ эле. Тарыхый маалыматтарга караганда Кыргыз ССРинин Министрлер Советинин 1962-ж. 29-майындагы, 1964-ж. 14-сентябрындагы жана 1970-ж. 14-сентябрындагы токтомдору менен Ош облусунун Араван районунун 1041 гектар жерине Керкидан суу сактагычы курулган, бирок Өзбекстан ага компенсация катары 1041 гектар жерди биздин республикага башка аймактан берүүгө

тийиш болгон. 1972-ж. Өзбекстан Араван районуна Фергана облусунун Кува районунан 628 гектар жер бөлүп берген [6].

2017-ж. мамлекеттик чек араны делимитациялоо жана демаркациялоо боюнча татаал, узакка созулган сүйлөшүүлөрдүн натыйжасында Өзбекстан калган 413 гектар жерди Кыргызстанга берген (Араван районундагы Полигон тилкесинен **(304,3 гектар),** Баткен районундагы Кайрак тилкесинен **(74 гектар),** Аксы районундагы Дерес тилкесинен **(35 гектар жер)** [10]**.**

Жогоруда айтылгандай чек ара маселесинин чечилбөөсү жергиликтүү элдердин жашоо-турмушун оордотуп, карама-каршылыктардын күчөшүн шарттап турган. Мисалы, 2020-ж. майында Баткен облусунун Сох анклавынын чек арасында Өзбекстандын Чашма жана Кыргызстандын Чечме айылдарынын тургундарынын ортосунда конфликт катталган. Булак суусун талашуудан келип чыккан жаңжал акыр аягы таш атышуу, кагылышуу менен аяктап, натыйжада бир нече үйлөр өрттөнүп, көптөгөн адамдар жарат алышкан (187 киши өзбек тараптан, 25 киши кыргыз тараптан) [7, 8, 12, 13, 14].

Эл аралык эксперттер белгилегендей аймактарга анклав, чек ара маселелерин чечүү жөн эле чек араларды тактоо, жер алмашуу процесси менен чектелбеши керек. Анткени аймакта, айрыкча Фергана өрөөнүндө калк жыш жайгашып, социалдык-экономикалык абал оор, андан сырткары жер талаштары этностор аралык мамилелердин курчушуна алып келүүдө. Мындай кырдаалдан чыгуу үчүн жерлерди алмашып, элдерди башка жерлерге көчүрүү, тосмолорду орнотуу ж.б. иш чаралар аздык кылат. Бул жагдайда аймактагы элдердин достугун, ынтымагын бекемдөөгө, алардын өз ара мамилелерин, социалдык абалдарын жакшыртууга аракеттенүү зарыл. Аймактагы түзүлгөн кырдаалды эске алып Өзбекстандын президенти Ш. Мирзиеев Сох районунун социалдык-экономикалык көйгөйлөрүн чечүү үчүн 10 млн. АКШ долл. бөлүү боюнча атайын жарлыкка кол койгон. Аталган долбоорго ылайык Сох-Риштан жолунун көйгөйлөрү менен кошо бир катар башка маселелерди чечүү иштери каралган. Андан сырткары 101 млрд. сум өлчөмүндөгү каражатка 73 долбоорду ишке ашыруу, 2020-ж. 4500 жаңы жумуш орундарын түзүү пландаштырылган [8]. Сох анклавнынын жаштары үчүн өлкөнүн жогорку окуу жайларына тапшыруу үчүн 500 орун бөлүнгөн.

Мамлекеттик деңгээлдеги мындай саясат өз кезегинде чек ара аймактарында жашаган элдердин ортосундагы чыңалууларды жеңилдетүүгө, ири жаңжалдардын алдын алууга шарт түзөт.

2020-ж. Кыргызстан менен Тажикстандын ортосундагы чек арада жети, Кыргызстан менен Өзбекстандын чек арасында үч жолу чыр чыккан. 2020- жылдын 5–6-ноябрында Ташкентте эки республиканын тышкы иштер министрлери (А.Х.Камилов менен Р.А. Казакбаев) кыргыз-өзбек мамлекеттер аралык чек араларды демаркация жана делимитациялоо жараянын тез убакытта аягына чыгаруу маселесин талкууга алышкан [2].

Кыргызстандын мамлекеттик чек араларын тактоо процессине: совет мезгилинде чиеленип, чаржайыт бөлүнүп калган жерлердин көп болуусу жана экономикалык-чарбалык максатта коңшу республикалардын пайдасына ири жер тилкелеринин өтүп кетиши; республикадагы саясий туруксуздуктан улам перманенттүү мүнөзгө ээ болгон төңкөрүштөрдүн, бийлик алмашуулардын тез-тез болуп туруусу; узак убакытка созулган социалдык-экономикалык кризис; өлкөнүн аскердик-техникалык жактан начардыгы ж.б.

факторлор терс таасирин тийгизген. Жогоруда айтылгандардын ичинен республикадагы бийликтин тез-тез алмашуусу чек араларды тактоо процессин басаңдаткан. Анткени тигил же бул талаш жерлер боюнча жүргүзүлүп жаткан сүйлөшүүлөр, атайын түзүлгөн макулдашуулар кийинки бийлик тарабынан колдоого алынган эмес же бийликтегилер саясий түрдүү амалдар аркылуу өз пайдаларына жер маселесин чечүү аракеттерин жасашкандыктары эл ичинде айтылып келет. Албетте, мындай тарыхый маниге ээ болгон маселелерди фактылык материалдардын негизинде изилдеп, белгилүү бир тыянактарды чыгаруу окумуштуулардын алдыдагы ири милдеттердин бири болуп саналат.

Өз кезегинде Фергана өрөөнү бир социалдык-экономикалык бөлүккө кирет жана анда жашаган калктарды түрдүү күндүмдүк экономикалык жана маданий-турмуштук байланыштар бириктирип турат. Көптөгөн этностор аралаш жашашкан бул аймактагы чек араларды ачык кармоо алардын жашоо шартын камсыз кылуу менен түздөн-түз байланышкан. Ошондуктан жалпы эле Борбордук Азия республикалары үчүн ички чек араларды ачуу эң башкы орундарда турат жана андагы чек ара көзөмөл түйүндөрү өз ара каттамдарды көзөмөлдөө, террористтик күчтөрдүн кирип кетүүсүнөн сактоого гана багытталуусу зарыл. Мындай шартта аймакта биргеликте коопсуздук саясатын ишке ашыруу чоң маниге ээ [4. 112-б.; 12].

Өзбекстанда саясий авторитардык бийлик орноп турган мезгилде чек араларды жабуу, элдердин ортосундагы тарыхый, маданий байланыштарды үзгүлтүккө учуратуудан карапайым калк гана жабыр тартты. Мындай абалдын азыркы глобалдашуу шартында, айрыкча бирдей тарыхка, маданиятка, динге, тилге ээ болгон элдерде болуусу акылга сыйбай турган көрүнүш.

Албетте, чек ара маселелери аймакта жашаган элдердин кызыкчылыктарын эске алуу менен жүргүзүлүүсү зарыл. Тигил же бул мамлекеттин күч колдонуу аркылуу чек араларды аныктоо саясаты өз кезегинде ири конфликттерге, кан төгүүлөргө алып келээри Каказ аймагында болуп жаткан окуялар далилдеп турат. Ошондуктан терең тамыр алган жер маселелерин тынчтык жолу менен, өз ара компромисстин негизинде чечүү аркылуу бүтүндөй Борбордук Азиядагы туруктуулукту жана анда жашаган элдердин коопсуздугун камсыз кылууга жол ачылат.

Колдонулган адабияттар

1. Алманов С.К. Анклавы в Центральной Азии: история вопроса и современные проблемы // Постсоветские исследования. М., 2018. Т. 1. № 5. С. 451–460.
2. "Азаттыктын" архиви: Кыргыз-өзбек чек ара сүйлөшүүлөрүнүн тарыхы, 5-сентябрь, 2017-жыл.
3. Дмитриева Е.Л. Постсоветская Центральная Азия: Этнотерриториальные споры и пограничные конфликты (Обзор) // https://cyberleninka.ru/article/n/postsovetskaya-tsentralnaya-aziya-etnoterritorialnye-spory-i-pogranichnye-konflikty-obzor
4. Койчуев Т. Мировая экономика и постсоветская Центральная Азия. Бишкек, 112-б.
5. Матвеева Анна. Центральная Азия. Стратегический подход к построению мира. Лондон, 2006.

6. **Табылды Акеров // «Жаңы Ордо».** Кыргыздар тажиктерге Каратегин чөлкөмүн берип, мамлекет куруп алууга мүмкүнчүлүк берген // *Кыргызстан сегодня*. Пятница, 20 сентября 2019. 15:24.
7. Bishkek Times 6-июнь 2020 г.
8. Uz 6-июнь 2020-жыл.
9. 2020-ж. 29. 08. 2020. kg.akipress.org- https://centrasia.org/newsA.php?st=1598676300
10. *kg.kabar.kg › news › ky.* Кыргызстан жана Өзбекстан мамлекеттик чек араны делимитациялоо жана демаркациялоо маселелерин талкуулашты.
11. Кулдышева, Г., & Мирзакаримов, Ф. (2023). Пограничная безопасность в системе национальной безопасности Кыргызской Республики. *Вестник Ошского государственного университета. Право*, 1(1), 86-96. https://doi.org/10.52754/16948661_2022_1_9. EDN: OAILPA.
12. Аликулов, Б.М. Кыргыз Республикасынын улуттук мыйзамдарына ылайык мамлекеттин аймагынын укуктук режими / Б. М. Аликулов // *Вестник Ошского государственного университета*. – 2021. – Vol. 2, No. 3. – P. 272-278. – DOI 10.52754/16947452_2021_2_3_272. – EDN: AXSIXZ.
13. Тобакалов, Ч.Б. Эки тараптуу Кыргыз-Өзбек мамилелерин өнүктүрүүнүн негизги багыттары (1991-2000 жж) / Ч. Б. Тобакалов // *Вестник Ошского государственного университета*. – 2020. – No. 1-3. – P. 112-116. – EDN: JNAWDD.
14. Джоошбекова, З.Р. Көп маданияттуулукка тарбиялоодо кыргыз жана өзбек элдеринин каада-салттарынын тийгизген таасирлери / З. Р. Джоошбекова, К. А. Эргешова, А. Т. Зулушова // *Вестник Ошского государственного университета*. – 2021. – Vol. 2, No. 4. – P. 138-144. – DOI 10.52754/16947452_2021_2_4_138. – EDN: WLMIPJ.